КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ
**Ош мамлекеттик**
**университети**

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И
НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
**Ошский государственный**
**университет**

MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF KYRGYZ REPUBLIC
**Osh State University**

# БУЙРУК № 249

«22» 03 2018-ж.

ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин чечими менен (2018-жыл, 5-март, №5 протокол) «2017-жылдагы университеттеги илимий-изилдөө иштеринин жыйынтыктары жана алдыдагы милдеттер» деген №1 маселе боюнча төмөндөгү кабыл алынган токтом бекитилсин:

1. 2017-жыл ичинде Ош мамлекеттик университетинде аткарылган илимий-изилдөө иштери канааттандырарлык деп эсептелсин.
2. Студенттер, магистранттар жана аспиранттардын практикалык натыйжалуулукка ээ болгон илимий-изилдөө иштерин материалдык жактан колдоо маселеси колго алынсын.
3. Традицияга айланган аймактык студенттик олимпиаданы жана аймактык студенттик илимий конференцияны өткөрүүнүн эрежелерин камтыган нормативдик базаны түзүү маселеси колго алынсын. Олимпиаданын, конференциянын статусун жана уюштуруунун сапатын жогорулатуу максатында, бул илимий иш-чараларга жакынкы чет өлкөлөрдүн студенттерин да катыштыруу маселеси жолго коюлсун.
4. Чет өлкөлөрдөгү жогорку окуу жайлар, илимий мекемелер менен илимий байланыштарды чыңдоо максатында илимдин актуалдуу маселелерин биргеликте чечүүгө багытталган илимий долбоорлорду даярдоо жана мамлекеттер аралык Диссертациялык кеңештерди ачуу колго алынсын.
5. “ОшМУнун жарчысы” илимий журналында жарыкка чыгуучу макалалардын сапатын жогорулатуу максатында журналдын редакторлоруна плагиатка каршы иш-чараларды колдонуу милдеттендирилсин жана макалалардын рецензенттеринин жоопкерчилиги күчөтүлсүн.
6. “Scopus”, “Web of science” системаларына катталуу жана ал системалар аркылуу индекстелүүчү илимий басылмаларда илимий эмгектерди жарыкка чыгаруу менен байланышкан маселелерге арналган иш-аракеттер (семинарлар, тегерек столдор ж.б.) жандандырылсын.
7. Университеттин илимий чөйрөсүндөгү муундар аралык байланышты чыңдоо максатында “устат–шакирт” кызматташтык (коллаборация) аянтчасын (платформа) түзүү жана анын эффективдүү ишмердүүлүгү колго алынсын.
8. Университеттеги Диссертациялык кеңештердин ишмердүүлүктөрү КРдин Жогорку аттестациялык комиссиясы тарабынан коюлган талаптарга ылайык жүргүзүлүүсү көзөмөлгө алынсын жана кеңештердеги бардык маалыматтар

ОШ МАМЛЕКЕТТИК
УНИВЕРСИТЕТИ

университеттин сайтына үзгүлтүксүз жайгаштыруу камсыз кылынсын.
9. Аспирантурага кабыл алуу процессиндеги чоң конкурстук абалды эске алуу менен контракттык негизде окуп жаткан аспиранттарга, алардын илимий жетекчилерине болгон жоопкерчилик күчөтүлсүн.
10. Ош шаарында жана Кыргызстандын түштүк аймагында жайгашкан муниципалдык, мамлекеттик жана жеке менчик мекеме-ишканалардын көйгөйлүү маселелерин чарбалык-эсеп келишиминин негизиндеги илимий долбоорлор аркылуу чечүүнү практикалоо колго алынсын.
11. Корголгон диссертация үчүн берилүүчү материалдык стимулдун көлөмүн көбөйтүү маселеси каралып, бул токтом күчүнө киргенден баштап ОшМУнун штатындагы окутуучулары жана кызматкерлерине (сырткы совместителдерден тышкары) КРдин ЖАК тарабынан бекитилген илимдин кандидаты окумуштуулук даражасы үчүн 50000 (элүү миң) сом, илимдин доктору окумуштуулук даражасы үчүн 100000 (жүз миң) сом акчалай сыйлык ыйгарылсын.
12. Илимий-изилдөө иштерин учурдун талабына ылайык жүргүзүү максатында заманбап технологиялар менен жабдылган жаңы илимий лабораториялардын долбоорун даярдоо тиешелүү кафедраларга жана илимий мектептерге милдеттендирилсин.
13. Жогоруда аталган иш-чаралардын аткарылышын көзөмөлдөө ОшМУнун илимий иштер боюнча проректору, профессор И.Г. Кенжаевге жүктөлсүн.

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

***Негиз:*** *Окумуштуу катчы М.Т. Байсубановдун рапорту, ректордун визасы*

**ОшМУнун ректору,**
**профессор** **К.А. Исаков**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
**Ош мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңеши**

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
**Ученый совет Ошского государственного университета**

MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF KYRGYZ REPUBLIC
**Academic Council of Osh State University**

Ош ш.,723500, Ленина к., 331,
тел.: (+996 03222) 22273, факс: (03222) 24066

г.Ош,723500, ул.Ленина, 331,
тел.: (+996 03222) 22273, факс: (03222) 24066

331,Lenin Street,Osh, 723500
tel.: (+996 03222) 22273, fax: (03222) 24066

**2018-жылдын 5-мартындагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин №5 жыйынындагы « 2017-жылдагы университеттеги илимий-изилдөө иштеринин жыйынтыктары жана алдыдагы милдеттер » деген маселеге карата**

**Ч Е Ч И МИ**

**Ош мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңеши талкууда берилген сунуштарды эске алып**

**ТОКТОМ кылат:**

1. 2017-жыл ичинде Ош мамлекеттик университетинде аткарылган илимий-изилдөө иштери канааттандырарлык деп эсептелсин.
2. Студенттер, магистранттар жана аспиранттардын практикалык натыйжалуулукка ээ болгон илимий-изилдөө иштерин материалдык жактан колдоо маселеси колго алынсын.
3. Традицияга айланган аймактык студенттик олимпиаданы жана аймактык студенттик илимий конференцияны өткөрүүнүн эрежелерин камтыган нормативдик базаны түзүү маселеси колго алынсын. Олимпиаданын, конференциянын статусун жана уюштуруунун сапатын жогорулатуу максатында, бул илимий иш-чараларга жакынкы чет өлкөлөрдүн студенттерин да катыштыруу маселеси жолго коюлсун.
4. Чет өлкөлөрдөгү жогорку окуу жайлар, илимий мекемелер менен илимий байланыштарды чыңдоо максатында илимдин актуалдуу маселелерин биргеликте чечүүгө багытталган илимий долбоорлорду даярдоо жана мамлекеттер аралык Диссертациялык кеңештерди ачуу колго алынсын.
5. “ОшМУнун жарчысы” илимий журналында жарыкка чыгуучу макалалардын сапатын жогорулатуу максатында журналдын редакторлоруна плагиатка каршы иш-чараларды колдонуу милдеттендирилсин жана макалалардын рецензенттеринин жоопкерчилиги күчөтүлсүн.
6. “Scopus”, “Web of science” системаларына катталуу жана ал системалар аркылуу индекстелүүчү илимий басылмаларда илимий эмгектерди жарыкка чыгаруу менен байланышкан маселелерге арналган иш-аракеттер (семинарлар, тегерек столдор ж.б.) жандандырылсын.
7. Университеттин илимий чөйрөсүндөгү муундар аралык байланышты чыңдоо

максатында “устат–шакирт” кызматташтык (коллаборация) аянтчасын (платформа) түзүү жана анын эффективдүү ишмердүүлүгү колго алынсын.

8. Университеттеги Диссертациялык кеңештердин ишмердүүлүктөрү КРдин Жогорку аттестациялык комиссиясы тарабынан коюлган талаптарга ылайык жүргүзүлүүсү көзөмөлгө алынсын жана кеңештердеги бардык маалыматтар университеттин сайтына үзгүлтүксүз жайгаштыруу камсыз кылынсын.

9. Аспирантурага кабыл алуу процессиндеги чоң конкурстук абалды эске алуу менен контракттык негизде окуп жаткан аспиранттарга, алардын илимий жетекчилерине болгон жоопкерчилик күчөтүлсүн.

10. Ош шаарында жана Кыргызстандын түштүк аймагында жайгашкан муниципалдык, мамлекеттик жана жеке менчик мекеме-ишканалардын көйгөйлүү маселелерин чарбалык-эсеп келишиминин негизиндеги илимий долбоорлор аркылуу чечүүнү практикалоо колго алынсын.

11. Корголгон диссертация үчүн берилүүчү материалдык стимулдун көлөмүн көбөйтүү маселеси каралып, бул токтом күчүнө киргенден баштап ОшМУнун штатындагы окутуучулары жана кызматкерлерине (сырткы совместителдерден тышкары) КРдин ЖАК тарабынан бекитилген илимдин кандидаты окумуштуулук даражасы үчүн 50000 (элүү миң) сом, илимдин доктору окумуштуулук даражасы үчүн 100000 (жүз миң) сом акчалай сыйлык ыйгарылсын.

12. Илимий-изилдөө иштерин учурдун талабына ылайык жүргүзүү максатында заманбап технологиялар менен жабдылган жаңы илимий лабораториялардын долбоорун даярдоо тиешелүү кафедраларга жана илимий мектептерге милдеттендирилсин.

13. Жогоруда аталган иш-чаралардын аткарылышын көзөмөлдөө ОшМУнун илимий иштер боюнча проректору, профессор И.Г. Кенжаевге жүктөлсүн.

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, профессор** **К.А. Исаков**

**Окумуштуу катчы** **М.Т. Байсубанов**